| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2024-жылдын 12-январы №111 Тилекмат айылы

**Атуулдардын ысымдары ыйгарылган социалдык мекеме жана көчөлөр жөнүндө.**

Ак-Дөбө айыл аймагындагы социалдык мекемелерге, айыл ичиндеги көчөлөргө ысымы ыйгарылган адамдардын өзүлөрү же жакындары токтомдордо көрсөтүлгөн жашылдандыруу, көрктөндүрүү, жарыктандыруу үчүн салым кошпогондуктары жөнүндө айылдык кенешинин депутаттарынын билдирүүлөрү угулуп, талкууланып Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кенешинин сессиясы токтом кылат:

1. Ак-Дөбө айыл аймагындагы социалдык мекемелерге, айыл ичиндеги көчөлөргө ысымы ыйгарылган адамдардын жакындары токтомдордо көрсөтүлгөн жашылдандыруу, көрктөндүрүү, жарыктандыруу жана башка иштерин аткарбай жаткандыгы эске алынсын.

2. Ак-Дөбө айыл аймагындагы социалдык мекемелерге, айыл ичиндеги көчөлөргө ысымы ыйгарылган адамдардын жакындары токтомдордо көрсөтүлгөн жашылдандыруу, көрктөндүрүү үчүн салым кошуп туруу жагы ар бир ысымы ыйгарылган адамдардын жакындарына эскертилсин.

3. Ысымы ыйгарылган адамдардын жакындары эскертилген күндө да өзүлөрүнө тиешелүү мекеме же көчөгө жылына бир жолу салым кошпосо, ысымын ыйгаруу боюнча токтомдору жокко чыгарылсын.

4. Токтомдун аткарылышын Ак-Дөбө, Мундуз, Аң-Өстөн, Тилекмат айылынын айыл башчыларына жана көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы М.Алиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Тыныбеков**